# Кочкор районуна караштуу

# Шамшы айылынын аталыш тарыхы




Кочкор районунун Кум Дөбө айыл аймагында Шамшы деген айыл бар. Анын эмне себептен Шамшы аталып калганы тууралуу Кум- Дөбө айылынын тургуну Болот Асанбеков мындай дейт. - « Чүй өрөөнү, Ат - Башы , Кочкор аймактарын Шамшынын

бели байланыштырып турат.




Илгери Шамшынын белинен соода кылган кербендер, эки жакка көчкөндөр, мал айдагандар, Чүйдөн Кочкорго, Соң- Көлгө жана башка жактарга бараткан жолоочулар өтүп турган.

Бул ашууда жолоочуларга жол көрсөтүп түнкүсүн от жагып, шам жагып белги берген адамдар жашаган. Аларды эл Шамчы ( шам жаккыч деген сөз) деп аташкан.

Ошол шам жаккыч үй- бүлө кышкысын ылдый түшүп келип, азыркы Шамшы айылы турган жерлерге кыштаган. Ошол кыштоону Шамчы, «шам жаккычтар турган жер» деп жүрүп , кийин Шамшы аталып калган. Ашуу болсо Шамчынын бели деп жүрүп, « Шамшынын бели» аталып калган. Шамшынын бели жактагы коктудан Караколдун суусу, Кашка суу деген эки суу агып түшөт - деди Б. Асанбеков.

Кашка суу Шамшынын бели жактан агып түшкөн, кичине суу. Ал сууга Болот Асанбеков темир көпүрө орнотуп, ал аркылуу жайлоолорго унаалар каттап турат.



Тарых изилдөөчү Кайырбек Конурбаев Шамшы ( Шамчы, Кашат, каштек) ашуусу түрк элинде кудайдын, теңирдин ыйык жери эсептелген. Бул ашуу Жибек жолунун бир тармагы болгон. Кербендер кечинде келип, ашуудан аман- эсен өтүп кетели деп зыярат кылып шам жагып, ашуунун түбүнө түнөшкөн. Ошондон Шамчы деп кийин Шамшы аталып калган болуу керек.

Кербендер Боом аркылуу эмес, Шамшы ( Кашат) ашуусу аркылуу ашкан. Кашатты ашса эле Токмокко түшкөн дейт ал.

Ошентип илгери Занби, Шамси кийин Шамшы деп аталып келген жер ысмы Шам жаккычтар жашаган жер деген сөздөн келип чыкканын айыл тургундары билдиришти. (М.Деркенбаев)

**Шамшы айылынын көрүнүшү**




**Шамшы айылынын жайлоосу**

